# КЫРГЫЗ ТИЛИ

**(окутуу орус, өзбек, тажик тилинде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)**

## 5-класс №2-вариант

**№1. Сын атоочтун даражасын белгиле.**
**кененирээк, начарыраак, күчтүүрөөк**
а) күчөтмө даража б) салыштырма даража
в) жай даража г) жөнөкөй даража

**№2. Салыштырма даражадагы сын атооч сөздү белгиле.**
а) бозомтук б) боппоз в) өтө боз г) бозураак

**№3. Сүйлөмдөгү сын атоочту белгиле.**
**Анын терең суудан корккон жайы бар.**
а) анын б) терең в) суудан г) жайы

**№4. Чамалама сан атоочторду белгиле.**
а) үчтөн бир, үч бүтүн ондон беш б) биринчи, онунчу, жүз биринчи
в) алтымыш, жетимиш, жыйырма г) отузча, жүздөн ашык, 10-15тей

**№5. Суроого жооп бер.**
**– Сиз окууну качан бүттүңүз эле?**
**–...- (2012-) жылы.**
а) эки миңинчи он экинчи б) эки миң онунчу экинчи
в) экинчи миң он экинчи г) эки миң он экинчи

**№6. Сапаттык сын атооч катышкан сүйлөмдү белгиле.**
а) Биринчи орунду кайсы команда ээледи?
б) Азыр элетте мал чарбалар көп эле экен.
в) “Жазалуу болот узун тил” деген сөз бар.
г) Жазгы жумуштар күчөп турган мезгил.

**№7. Берилген сын атооч сөздөрдүн даражасын белгиле.**
**Түптүз, сопсонун, чыпчын**
а) жай даража б) күчөтмө даража
в) салыштырма даража г) эркин даража

**№ 8. Көптүк санда турган зат атоочторду белгиле.**
а) окуучулар, көйнөк б) өсүмдүк, билимдүү
в) машиналар, ырчылар г) жоолук, өчүргүч, тоо

**№ 9. Биз кино театрга саат төрткө экинчи автобус менен барабыз.**
**Иреттик сан атоочту тап.**
а) төрткө б) экинчи в) төрт г) эки

**№ 10. Жатыш жөндөмөдөгү сын атоочту белгиле.**
а) кыркында б) көзүмдө в) кызымда г) кызылда